Бекитем;

Мектеп директору: Өмүрбеков М.

09.09.2022-жыл.

**Мамадалы Барпиев атындагы № 19 Жылгын жалпы орто билим берүүчү мектебинин окуучуларынын ар-намыс кодекси жана жүрүш-туруш эрежелеринин Жобосу**

*(09.09.22-жыл. №1-Педкеңешмеде кабыл алынды)*

**Окуучулардын ар –намыс кодекси.**

Мен Кыргыз Республикасынын окуучусу катары милдеттенем.

-Кыргыз Республикасынын Конституциясын сактоого, эгемендүү Кыргызстандын символдору болгон Гимн, Герб, Желекти билүүгө жана урматтоого.

-Атуул катары өз мекенимди урматтоого жана сүйүүгө, өз милдетимди аткарууга, Манастын осуяттарынын негизинде чынчыл жана адилет жашоого.

-Улууларды, мугалимдерди жана ата-энелерди урматтоого .

-Акыл –эсимди өстүрүүгө, билимдүүлүккө жана тартиптүүлүккө умтулуу.

-КР Конституциясында жана “Балдардын укугун коргоо жөнүндөгү”конвенцияда көрсөтүлгөн өзүмдүн жана башкалардын укугун коргоого .

-Эне-тилимди сүйүүгө жана сактоого, башка элдердин, өлкөлөрдүн тилин жана маданиятын үйрөнүүгө .

-Өзүм жөнүндө кам көрүүгө, ден соолугумду сактоого.

-Жеткиликтүү окууга жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүмдү өстүрүүгө.

-Дайыма үлгүлөрдүн катарында болууга жана начар окугандарга колдоо көрсөтүүгө.

-Акыл –эстүү болууга, мыйзамсыз чечимдерди кабыл албоого .

-Толеранттуулукту сактоого, башка элдердин көз караштарына, үрп –адаттарына жана динине түшүнүүчүлүк менен мамиле кылууга .

-Кыргызстанда жашаган элдердин демократиялык традицияларын сактоого.

-Өзүмдүн тышкы көрүнүшүмдү , жүрүм-туруш этикамды сактоого .

-Бизди курчап турган жаратылышты, үйүмдү, мектебимди сактоого жана байлыгын өстүрүүгө .

-Кыргызстандын татыктуу жараны болууга, анын гүлдөп өсүшүнү үчүн кең билим аркылуу ой жана достук кызматташтык кылууну дайыма эске сактоого.

**Мектептин Уставында кабыл алынган окуучунун укуктары жана милдеттери**

**1.Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:**

- Мекеменин ар кайсы этабына окууга кирүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын денгээлинде милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим алууга;
- Кошумча билим берүү кызматын, анын ичинде акы төлөнүүчү да таризди алууга;
- Мекеменин китепканасына, маданияттык-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;
- КРнын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчү автотранспортто жүрүүнүн женилдиктеринен пайдаланууга;
- Уставда аныкталган таризде мектепти башкарууга катышууга;
- Балдар мекеменин ишин уюштурууга жана катышууга;
- Инсандык кадыр-баркты урматтоого жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана ынанымдарын эркин айтууга;
- класстан жана мекемеден тышкаркы иштерге активдүү катышууга, өз каалоосу боюнча мекеменин айланасын жашылдандырууга;
- Өзүнүн же ата-энесинин каалоосу боюнча башка мекемеге окуу үчүн которулууга;
- Жалпы негизги жана жалпы орто билим алууну ийгиликтүү аяктагандан кийин мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндөгү документтерин өз учурунда алууга укуктуу.

**2. Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- Мекеменин Уставын тутууга жана аткарууга;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдорун билүүгө жана урматтоого;
- КРнын аймагында жашаган кыргыз жана башка улуттардын салттарын, башка мекеменин окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого;
- Окуучулардын абийир кодексин милдеттүү түрдө аткаруу менен Уставда көрсөтүлгөн окуучулар үчүн бирдиктүү формаларды, аларга коюлган талаптарды аткарууга жана урматтоого;
- Өзүнүн ден соолугу жөнүндө кам көрүүгө жана мекеменин тазалыгын сактоого;
- Ички тартипти сактоо боюнча мекеменин кийим талаптарын аткарууга, окууга бирдиктуу мектеп формасында келүүгө;
- Коомдук жерлерде, мекемеде өзүн маданияттуу алып жүрүүгө;
- Мекеменин мүлкүнө этияттык мамиле кылууга;
- Билим берүү жана тарбиялык иш-чараларга активдүү катышууга милдеттүү.

Мекемедеги тартип, окуу процессинин бардык катышуучуларын инсандын кадыр-баркын урматтоосунун негизинде жолго салынат.
Окуучуларга карата кара күч жана зордук-зомбулук колдонууга тыюу салынат.

Мекеме окуучулардын жана ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугусуз окуу программаларында жана Базистик окуу планында каралбаган жумуштарды аткарууга мекемеде жол берилбейт.
Окуучуларды коомдук-саясий жана диний уюмдарга, партияларга жана аскердик түзүлүштөргө кирүүсүнө, алардын иштерине агитацияларына жана саясий акцияларга катышуусуна мажбурлоого жол берилбейт.
Жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясы менен аяктайт.

Тийиштүү класстардын негизги жалпы билим берүү программаларын толук өлчөмдө өздөштүргөн окуучулар мектептин педагогикалык кеңешинин чечими боюнча кийинки класска көчүрүлөт.

Билим берүү программаларын өздөштүрбөгөн окуучулар КРнын тийиштүү мыйзамдарына ылайык ордунда калтырылат.

Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн бүтүрүүчүгө КРнын тийиштүү мыйзамдарына ылайык мекеменин герби бар, мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) берилет.
Мекеме жалпы негизги же орто билим берүүнү аяктабаган окуучуга аныкталган үлгүдөгү маалым кат тапшырат.

Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүрүүдө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүгө мекеменин герби бар, мөөрү басылган билиминин артыкчылыгы жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) берилет.
Бир же бир нече сабактарды өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчү “Айрым сабактарды өздөштүрүүдө жетишкен өзгөчө ийгиликтери үчүн” -деген “Мактоо грамотасы” менен сыйланышат.

Мекеменин педагогикалык кенешинин чечими жана балдардын иштери боюнча комиссиясынын макулдугу менен укукка каршы иш-аракеттерди жасаган жана мекеменин Уставын көп жолу одоно бузгандыгы үчүн он беш жашка чыккан окуучу педагогикалык таасир этүүнүн чарасы катары мекемеден чыгарылат.
Жетим балдарды жана ата-энелеринен (мыйзамдуу өкүлдөрүнөн) ажыраган балдарды мекемеден чыгаруу жөнүндөгү чечим мамлекеттик администрациясынын алдындагы үй-бүлөнү жана балдарды коргоо комиссиясынын макулдугу менен кабыл алынат.

# Мектеп окуучуларынын эрежелери

**Мектеп окуучуларынын бирдиктүү талабы.**

1.Мектепте ,мектептен сырткаркы жерлерде өзүн үлгүлүү алып жүрүү. Улууну урматтоо,кичүүнү сыйлоо.
2. Коопсуздук эрежелерин жана жолдо жүрүүнүн эрежелерин сактоо. Мектеп эмеректерине этият мамиле жасоо.
3. Мектепте уюштурулуп жаткан класстан жана мектептен тышкаркы иштерге, секторлордун иштерине активдүү катышуу.
4.Өзүнүн каалаган предмети боюнча мектептеги предметтик ийримдерге катышуу.
5.Коомдук иштерге активдүү катышуу.
6. Өзүнүн Ата мекенин коргоого, сүйүүгө, жана маданий байлыктарын, урп-адаттарын , каада-салттарын сактоого тарбиялоо.
7. Жаратылышты коргоо.

**Кезекчи окуучунун милдети!**

1. Сабак башталаардан 10 мүнөт эрте келет.
2 .Класстык бөлмөнү сабакка даярдайт.

3. Сабакка келбеген окуучуну класс жетекчиге билдирет.
4. Дем алыш мезгилиндеги окуучулардын жүрүш-турушуна көз салат.
5. Жоголгон, сынган эмерек буюмдар үчүн жооп берет.
6. Гүлдөргө, класстык бөлмөнүн тазалыгына көз салат.
7. Сабактан кийин класстык бөлмөнү кийинки күндүн дежур окуучусуна өткөрүп берет!

**Окуучулардын милдеттери**.

1. Интеллектуалдуу потенциалын максималдуу өстүрүүгө.
2. Өз көндүмдөрүн жана билгичтигин калыптандыруу, б.а өзүн – өзү түшүнүү:

-өзүн ишмердүүлүккө уюштура билүү, чечимдерди кабыл ала билүү;
-кабыл алган чечимдердин,алардын жыйынтыктарынын жоопкерчилигин алуу;
-жамаат менен жана жекече иштөөнү билүү;
-өздүк инсандык өсүү программасын түзө билүү;
-өз билимин өркүндөтүү программасын ишке ашыруу;
-аналитикалык аң-сезимдин көндүмдөрүнө ээ болуу;
-керектүү маалыматты издөө жана колдоно билүү;
-үйрөнө билүү;
-ойлоно билүү;
-кызматташа алуу;
-ишти баштоо жана бүтүрүүгө үйрөнүү;

**Окуучу милдеттүү:**

- мектепке сабак башталардан 10 минут эрте келгенге;
- мектеп аныктаган мектеп формасында, таза жана тыкан кийимде келүү (дене тарбия сабагына спорттук кийим менен келүү);
- кийим чечүүчү жайда сырткы кийимин чечүү, керек болгон убакта бут кийимин алмаштыруу(дене тарбия сабагында);
- өзүнүн окуу жерин жана окууга керектүү керек-жарактарын алдыда боло турган сабакка даярдоо;
- мектепте жана мектептен тышкары жерлерде өзүн татыктуу, маданияттуу алып жүрүү;
- мектептин ички тартибин жана жүрүш-турушун сактоо (окуу процессин бузбоо, сабактарга ар дайым даяр болуу, сабактарга кечикпөө,класс жана мектеп турмушуна катышуу);
- ийгиликтүү адаптацияга бүт күчүн жумшоо;
- педагогдор, мектеп персоналдары жана окуучулары менен өз ара сыйлоо жана этият мамиле түзүү (улууларга сый мамиле менен кайрылуу);
- мектептин территориясында тазалыкты жана тартипти сактоо;
- калтырган сабактарын өз убагында тапшыруу, темаларды тапшыруу, план конспектилерди көрсөтүү ж.б.;
- мектептеги, класстагы коопсуздук атмосфераны түзүү жана колдоо,информатика ,технология,химия,физика,биология,дене тарбия сабактарындагы коопсуздук эрежелери менен таанышып кол коюп берүү.
- сабак калтырган учурда өз убагында класс жетекчиге дарыгердин же ата-энеден күбөлөндүрүүчү каттарды алып келип көрсөтүү (алардын ордун алмаштыруучулардан);
- мектептеги, класстагы өз ордун жана ар-намысын сактоо.

**Окуучуларга тыюу салынат**:
● администрациянын уруксатысыз сабак учурунда мектеп имаратынан кетүүгө;
● өзү каалагандай спорттук жана класстан тышкаркы иш-чараларды таштап кетүүгө;
● терезенин алдына, шкафтарга, имараттык жабдууларга чыгууга;
● тосмолордо жылгаяк тебүүгө жана тосмолорго, терезе алдына отурууга;
● электр жана техникалык шкафтарды ачууга;
● мектеп аянтчасында спорттук, оюн конструкциясын өз орду менен колдонбоо;
● ден соолукка зыян келтирүүчү заттарды, препараттарды, суусундуктарды колдонуу (алкоголь, наркотиктер, токсиндер, амфетаминдер, тамеки ж.б.);
● кандайдыр бир куралдарды алып келүү жана колдонуу (атылуучу курал, бычак ж.б.);
● окуучуларды акча жана башка бир баалуу буюмдарды алуу максатында психологиялык жактан коркутуу;
● денени зыянга учуратуу максатында окуучуларга физикалык күч колдонуу, мушташ кылуу үчүн ар түрдүү жолдон чыгаруучу формаларды колдонуу;
● сабак учурунда уюлдук телефондорду колдонуу;
● сабактарды себеби жок калтыруу.
**Окуучулардын сабактагы жүрүш- турушу**:
● коңгуроо кагылаары менен окуучулар өз ордуна келип, сабакка тиешелүү нерселерди даярдоосу керек;
● кезекчи окуучу  класстык бөлмөнү жана сабакка керектүү жабдыктарды даярдап, мугалимге сабакка келбеген окуучулар жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү;
● ар бир окуучу класстагы иш ордунун тазалыгы жана сакталышы үчүн жооп берет;
● мугалим класска киргенде окуучулар саламдашуу үчүн ордунан турушу керек;
● партанын үстүндө ашыкча эч нерсе болбошу керек; китептер жана дептерлер мугалимдин уруксаты менен ачык турушу керек;
● сабак учурунда окуучулар түз отуруп, ашыкча сүйлөбөй, башка иштер менен алек болбошу керек;
● окуучу сабакта мугалимдин бардык талаптарын аткарышка милдеттүү;
● эгерде, окуучу сабак учурунда эшикке чыккысы келсе, мугалимден жооп сурашы керек;
● окуучу жооп берүүгө күндөлүгү менен чыгуусу жана жооп берип жатканда түз туруп, ачык ,тыкан сүйлөшү керек.
● эгерде окуучу мугалимден бир нерсе сурагысы келсе, кол көтөрүп, мугалим урксат бергенден кийин туруп, суроо бериши керек;
● окуучулар башкаларга өз кошумчасын, алардын катасын оңдоого мугалимдин уруксаты жок эле айтууга ээ;
● коңгуроо кагылгандан кийин мугалимдин уруксаты менен окуучулар тынч гана класстардан танаписке чыга алышат;
● дене тарбия сабактарына окуучулар спорттук кийим жана бут кийим менен келишет. Мугалимдин уруксаты жок окуучулар спорт аянтчасына кире алышпайт. Дене тарбия сабагынан бошотулган окуучулардын да спорт залда сабакка милдеттүү түрдө катышуусу керек.
**Танапистеги жүрүш-турушу**:
● мектеп имаратынын ичинде танапис убагында окуучу өзүн тынч, тартиптүү алып жүрүүгө милдеттүү;

• коридор жана тепкичтерде жолдун оң жагында жүрүү шарт;
• коридордо, тепкичтерде мугалим, же башка улуу адамдын алдына чыкпоо, эгерде, керек болсо уруксат суроо керек;
• сылык болуу, улуу адамдар жана балдар менен саламдашуу;
• мектепке кирүү жана чыгууда башкаларды түртпөө, алдыга улууларга жана кыздарга жол берүү;
• танаписте класста кезек кайтаруучу гана калып, имаратты салкындатып, классты иретке келтирет;
• танаписте, сабактан уруксат суранбаш үчүн дааратканага баруу керек, колун милдеттүү түрдө жууш керек.

**Мектеп буюмдарынын жана китептеринин сакталышы:**

• бардык окуучулар мектеп буюмдарын сактоого милдеттүү, өз буюмдарына этияттык менен мамиле кылуусу зарыл;
• окуучунун күнөөсү менен буюмдар бузулса, ата-энелери толугу менен ордуна коюсу, же түзөтүүсү керек;
• окуучулар дарактарды отургузууга, сактоого, эгерде мектепке зыян келтирилсе, ордуна келтирүүгө милдеттүү;
• окуу куралдары, китептер, окуучулардын күндөлүктөрү тыкандыкта болуусу керек;
• окуучулар окуу куралдарын талаптын деёгээлинде сактоосу керек. Ар бир китепте арасына салынуучу тасмасы болуш керек. Барактарды жулуп же бүктөбөш керек, китепке жазууга, же сүрөт тартууга болбойт.

**Жүрүш-туруш маданиятына карата талаптар:**

• баары менен сый-урматта, жайдары болуу;
• улуулар менен сүйлөшүп жатканда колун чөнтөгүнө салбоо, өзүн түз кармоо;
• балдар менен саламдашканда, алардын аты-жөнүн айтуу;
• тазалык жана тартипти сактоо, абдан маанилүүсү - булгабоо;
• улууларга, жолдошторуна жардам берүү. Жардам суроону гана күтпөстөн, тегерегиндегилерге көңүл буруп кароо;
• тыкан, жыйнактуу болуу милдети, бети-колунун тазалыгын сактоо, чач жасалгасына, кийиминин, бут кийиминин тазалыгына көңүл буруу.

**Массалык иш-чаралардагы окуучулардын жүрүш-туруштары:**

• мектепте өтүлүүчү майрамдарга тыкан кийинип, жыйнактуу, тыкан чач жасалгасы менен так убактысында келиш керек;
• залда түртүшпөй, баарынан алдыга чуркабай, талашпай өз ордуна отуруш керек;
• майрам башталганга чейин акырын сүйлөп, күтүш керек. Башталышы жөнүндө айтылаар замат сүйлөшкөндү токтотуу керек;
• иш-чара убагында сүйлөшкөнгө, тегерегиндегилерге тоскоолдук кылууга, бир орундан экинчи орунга өтүүгө, иш-чара бүткөнгө чейин таштап чыгып кетүүгө тыюу салынат;
• улуу адамдар кирсе, орун таап берүү керек.

**Ашканадагы жүрүм-турумга карата талаптар**:

• ашканага өз классындагы окуучулар менен уюштуруучулук жана тынч жагдайда катарга тизилип баруу;
• ашканага киререрде колду жууп, жүрүш-туруш маданиятына карата өзүн алып жүрүү;
• тамак-аштарды кезек менен алуу;

• нан жана башка тамак-аштарга этияттык менен мамиле кылуу;

• ашканага класс үчүн атайын түзүлгөн мөөнөт менен танаписте гана баруу;

• ысык жана суюк тамак-аштарды алууда жана колдонууда этияттык, көңүл коюп мамиле кылуу;

• тамактангандан кийин колдонгон идиш-аяктарды чогултуп, атайын столго алып барып коюу. Окуучуларга коюлган бул талаптардын бузулушуна карата тартиптик жана тарбиялык таасир берүүчү жазалар колдонот:

- ата-энелерине билдирүү жана жарыялоо;
- ата-энелерин мектепке чакыруу;

• мектеп парламенти окуучунун жүрүш-турушуна түзөтүү киргизүү үчүн башка формаларды колдонуу укугуна ээ: ашканага жардам берүү, класстык бөл мөлөрдү, мектеп территориясын тазалоо;

•Мектептин уставына ылайык  эрежелерди одоно түрдө жана бир нече жолу бузса, окуучу(15 жашка чыккан окуучу) мектептен чыгарылат.